**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №1**

**Өтүлгөн күнү:** 25.08.17

**Күн тартиби:**

1. 1.УБынын 2016-2017 – окуу жылынын жыйынтыгы.
2. Календарлык – тематикалык пландаштырууну кароо.
3. 2017-2018 окуу жылына коюлган максаттар менен тааныштыруу.
4. Декаданын планын бекит[illegible].

**Катышкандары: 8**

1. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары М.Б. Жолдошбекова 2016 -2017 - окуу жылында бардык класстарда окуу программасы КТПга ылайык аткарылганын белгиледи. Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р.О. өткөн окуу жылында пландаштырылган иш чаралар өткөрулгөнүн айтты.
2. 2017 – 2018 окуу жылына түзүлгөн иш план менен Жолдошбекова М.Б. тааныштырды ар бир мугалим сабактарды түзүлгөн календарлык планга карап өтүүсүн, класстык журналдардын өз убагында толтурулуп жана оңдоого жол берилбеши керектигин айтты.
3. Сентябрь айынын 5не чейин ар бир мугалим предметтик цикл боюнча календарлык тематикалык планын биринчи жарым жылдыкка түзүп УБнин жетекчиси Абакировага өткөрсүн. Календарлык тематикалык планды түзүүдө кыргыз тил сабагы билим жана илим берүү министирлиги бекиткен программага ылайык түзүлсүн.
4. Кыргыз адабияты боюнча КТП Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги жана Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан берилген кыргыз адабиятынын программасына (Бишкек 2012) ылайык каралып түзүлсүн.
5. Кыргыз тили жана адабият сабактары боюнча декаданы 5 – марттан 17 – мартака чейин өткөрүү сунушталды.

Чечими:

1. 2017 – 2018 окуу жылындагы УБнин аткарган иши канааттандырарлык.
2. Календарлык тематикалык план сентябрь айынын 5не чейин бекитилсин.
3. Кыргыз тили жана адабият сабактары боюнча декаданы 5 – марттан 17 – мартака чейин өткөрүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №2**

**Өтүлгөн күнү:** 15.09.17

**Күн тартиби:**

1. Кыргыз тил жана адабият сабагынан класстан сырткары иш чараларды уюштуруу.
2. Алгачкы билим деңгээлин текшерүү.
3. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү.
4. “Ата – Бейит” мемориалдык комплексине экскурсияга чыгуу.

**Катышкандары: 8**

1. Кыргыз тил жана адабият сабагынан класстан сырткары иш чараларды уюштуруубоюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. сөз сүйлөдү. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү керектигин айтты.
2. 5 – 11 класстарда алгачкы билим дээңгелин текшерүү иштери жүргүзүлсүн.
3. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлсүн.
   - 5 -11 – класстар арасында “Эгемендүү Кыргызстан” мекен жөнүндө көркөм окуу боюнча сынак өткөрүшөт.
   - “Мамлекеттик тил мыйзамына 28 жыл” радио билдирүү 1 - 11 – класс.
   - Ырдайлы кыргыз ырларын. Обондуу ырларды аткаруу.
   - Кыргыз улутук оюндар боюнча мелдеш өткөрүү 5 – 11 –класс.
   - Кыргыз тили сабагынан алгачкы билим деңгээлин текшерүү 3 – 11 – класстар.
4. 9 – 11 класстар “Тамыры болбой жер болбойт, тарыхы болбой эл болбойт” Ата Бейит мемориалдык комплексине саякатка барышат.

Чечими:

Көрсөтүлгөн иш чаралар 16 – сентябрдан 25- сентябрга чейинки убакытта өткөрүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №3**

**Өтүлгөн күнү:** 20.10.17

**Күн тартиби:**

1. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо ар түрдүү ыкмаларды колдонуу.
2. Мугалимдердин окуучуларды баалоодо аткарган иштери.
3. Мидин Алыбаевдин 100 жылдык маарекесине карата иш чара өткөрүү.
4. Жазуу иштеринин аткарылышы.

**Катышкандар: 8**

1.Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо ар түрдүү ыкмаларды колдонуу боюнча жана

мугалимдердин окуучуларды баалоодо аткарган иштери боюнча УБнин мүчөлөрүнүн арасында өз ара талкуу жүргүзүлдү. Окуучулардын билимин баалоо үчүн чейрек ичинде оозеки жана жазуу түрүндөгү ар түрдүү иштер өткөрүлдү. Көнүгүү машыгуу иштери, жаңы сөздөр менен иштөө, текстер менен иштөө, календардык темаикалык планга ылайык жазуу иштери сүрөт менен иштөөлөр

2. Мидин Алыбаевдин 100 жылдык маарекесине карата дубал газеталар чыгарылсын, радио билдирүүлөр даярдалсын. Тематикалык класстык сааттар өтүлөт. Жолдошбекова М.Б. кыргыз адабиятынан 10Б класска ачык сабак өтөт. Талanttуу акын, сатирик, драматург жана прозаик Мидин Алыбаев жөнүндө кербен окуу.

3. Жазуу иштери календардык тематикалык планга ылайык жүргүзүлсүн.

Чечими: Мугалимдер окуучуну ар тараптуу жактан билүү менен, ар бир окуучу менен жекече иштөө менен, сапаттуу билим берүү менен окуучулардын билими бааланcын.

8 – 11 класстын окуучулары Мидин Алыбаевдин 100 жылдык маарекесине карата дубал газеталар чыгарылсын, радио билдирүүлөр даярдалсын.

Жазуу иштери календардык тематикалык планга ылайык жүргүзүлсүн.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №4**

**Өтүлгөн күнү:** 08.11.17

**Күн тартиби:**

1. Биринчи чейректин жыйынтыгы.
2. Мыкты окуган окуучулар менен жана жетишпеген окуучулар менен иш алып баруу.
3. Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чара өткөрүүгө даярдык.

**Катышкандар: 8**

1. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары М.Б. Жолдошбекова биринчи чейректин жыйынтыгы жөнүндө айтып берди. Ар бир мугалим өз убагында отчет тапшырганын белгиледи. Мыкты окуган окуучулар менен жекече иштөөнү улантып окуучуларды олимпиадага даярдоону сунуштады. Текшерүүдө журналдардан кеткен каталарды айтып бааларын объективдүү коюлушун талап кылды.
2. Начар окуган окуучулар менен жеңилдетилген тапшырмаларды берип, окуучулар менен жекече иштөөнү сунуштады. Ошол эле учурда мыкты окуган окуучулар менен кошумча көнүгүүлөрдү аткаруу менен алардын билимин өстүрүүгө аракет жасоо керектигин белгиледи.
3. Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата 8 – 11 – класстар дилбаян жазышат Дилбаяндын болжолдуу темалары “ Чынгыз Айтматовдун мен сүйгөн чыгармасы” , “Менин сүйүктүү жазуучум Чынгыз Айтматов”, сүрөт конкурсу жана Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынан көркөм окуу өткөрүлөт.

Чечими:

1. Биринчи чейректин жыйынтыгын эске алуу менен билим сапатын жогорулатууга аракеттенүү.
2. Ар бир окуучу менен жекече иштөөнү улантуу.
3. Чынгыз Айматовдун туулган күнүнө карата иш чарага даярдануу.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №5**

**Өтүлгөн күнү:** 01/12/17

**Күн тартиби:**

1. Биринчи жарым жылдыкта окуу программасындагы жазуу иштеринин аткарылышы.
2. “Манас” эпосуна арналган жумалык өткөрүү.
3. Райондук олимпиадага катышуу үчүн 10 – 11 класстын окуучуларын даярдоо.

**Катышкандар: 8**

1. Биринчи жарым жылдыкта окуу программасындагы жазуу иштеринин аткарылышы боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. сөз сүйлөдү. 3 – 11 класстарда кыргыз тил сабагынан календарлык тематикалык планга ылайык жазуу иштери өткөрүлсүн. Жана окуу программасы да өз убагында аткарылсын.
2. Манас эпосуна арналган жумалыкта райондук “жаш манасчылар конкурсуна” катышуу үчүн Батырбекова А.А. окуучулар арасында конкурс өткөрүп районго бир окуучуну даярдайт. 3 – 5 класстар Манас эпосуна арналган сүрөттөрдү тарышат.
3. Тиленбаева Ж.Ж. жана Карабаева Г.Т. кыргыз тил жана адабият сабагынан райондук олимпиадага катышуу үчүн окуучуларды даярдайт.

Чечим:

Биринчи жарым жылдыкта окуу программасындагы жазуу иштери КТПга ылайык аткарылсын.

“Манас” эпосуна арналган жумалыкты өткөрүүгө Батырбеова А.А. жоопту.

Райондук олимпиадага катышуу үчүн 10 – 11 класстын окуучуларын Тиленбаева Ж.Ж. жана Карабаева Г.Т. даярдашат.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №6**

**Өтүлгөн күнү:** 05.01.18

**Күн тартиби:**

1. 1.2017-2018 – окуу жылынын биринчи жарым жылдыгындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгынын анализи.
2. Доклад. Өз сабагын анализдөө Мусаева К.С.

**Катышкандар: 8**

1. 2017 – 2018 окуу жылынын биринчи жарым жылдыгындагы жыйынтык боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б. сөз сүйлөдү. Жат жазуулардын анализдери, жылдык отчеттор өз убагында тапшырылды. Журналдардын барактарын ар бир мугалим тапшырылды. Журнал боюнча төмөнкүдөй эскертүүлөр берилди:
    1. Шаршенбаева К.С. журналдар оңдолгон таз эмес.
    2. Мусаева К.С. Тиленбаева Ж.Ж. журналдагы даталар оңдолгон.
    3. Кенжебаева М.И. ноябрь айындагы берилген кемчиликтер оңдолгон эмес. (Жат жазуунун баалары коюлган эмес, чейректик баалардын объективдүү коюлушун дагы бир жолу эскертти.) 11 – класста билим сапаты 73% болду. Бул жогорку көрсөткүч.
    4. Окуу көндүмдөрүн тапшырышкан жок Кенжебаева, Карабаева, Шаршенбаева.
2. Сабакка өз ара катышуулар улантылат. Сабактарды анализдөө боюнча Мусава К.С. доклад окуду ал докладында сабакты анализдөөдө ар бир сабактын планы туура түзүлүү керектигин белгиледи. Ар бир сабактын максатка жеткендиги так болушу керектигин айтты.

    Чечими: 3 – чейректе ар бир мугалим өз ара сабакка катышууну улантсын. Кенжебаева, Мусаева, Шаршенбаева кетирилген кемчиликтерди оңдошсун.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №7**

**Өтүлгөн күнү:** 06 02 18.

**Күн тартиби:**

1. Эне тил күнүнө карата радио берүү, класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүү.
2. "Ар улуттун башын кошкон Ала – Тоо" фестивалын өткөрүү

**Катышкандар: 8**

1. 21 – февраль "Эне тил күнүнө" карата райондук иш чарага мектептин атынан Жолдошбекова М.Б. окуучуларды даярдайт. Бул иш чарага 8 – 9 класстын окуучулары катышат. Орус улутундагы балдар катышып орус элинин каада – салтын, үрп – адатын, орус тилинин байлыгын көрсөтүү үчүн класстан тышкаркы иш чара өткөрүшөт. Ошондой эле илимий долбоор даярдашып райондук конкурска катышышат. Эне тил күнүнө карата 5 – 10 класстарда кыргыз тилинен олимпиада өткөрүлөт. Эне тил күнүнө карата радио берүүнү 9 – класстар уюштурат.
2. "Ар улуттун башын кошкон Ала – Тоо" фестивалын өткөрүү үчүн 8 – класстын окуучулары катышат. Алар орус, кыргыз жана дунган улуттарынын каада – салтын, үрп-адатын жана болгон кереметин көрсөтүүгө аракет кылышат. Бул иш чаралар 21 – февралда өткөрүлөт.

Чечими:

1. Эне тил күнүнө карата радио берүүнү, класстан тышкаркы иш чараларды УБнин бардык мүчөлөрү өткөрөт жана алар жооптуу.
2. "Ар улуттун башын кошкон Ала – Тоо" фестивалын өткөрүү үчүн жооптуулар 8 а,б,в,к класстын класс жеткчилери Усманалиева, Болотбекова, Зулпухарова.

**Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын**

**ПРОТОКОЛУ №** 8.

**Өтүлгөн күнү** 14.04.18

**Күн тартиби:**

1. Окуу жылындагы жазуу иштеринин нормаларынын аткарылышы.
2. Окуу программасынын аткарылышы
3. Которуу сынагына даярдык сынагын өтүшү 5-8, 10-класстар
4. Мамлекеттик сынакты тапшыруу үчүн даярдык 11-класстар
5. 9-орус- жана 9-кыргыз класстарында мамлекеттик сынакты тапшыруу үчүн сынакка даярдык иштери.

**Катышкандар:** 8

**Катышпаганы:** –

1. Биринчи суроо боюнча мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Тажимбекова М.Б. сүйлөдү. Ал ар бир класста жазуу иштеринин нормасы талап кылуусу менен, окуучулардын текшерип чыкканын айтты. Андагы кетирилген кемчиликтерди четтетишин талап кылды. План боюнча жазуу иштери аткарылып жаткандыгын белгиледи.

2. Экинчи суроо боюнча У/Б нын жетекчиси Абакирова Р.О. сүйлөдү. Ар бир мугалим 3 чейректе өтүлгөн сааттарды карап чыгуу менен 4-чейректеги саатты карап, ошол боюнча берилген программага ылайык сабак өтүүлөрүн белгиледи. Адабият сабагы 8/9а 34; кыргыз тилден негизинен 102-105 саат өтүлүшү керек

3 суроо боюнча математика боюнча бөлүм директордун орун басары Момунбекова А. коргоо жыйынтыгы темаларынын 6-8-10 класстар үчүн департаменттен берилген иштери бекемделди.
Окутуучулар мугалимдер жазуу эрежелерин орфографиялык каталардан пайдалансын керек

4. Математикалык сабаттуулугу сынагын жогорулатуу үчүн 11-класстагы окуган мугалимдер Тилебаева, Карабаева эрежелерди жаттатып, жат жазуу-жазуу нормаларын колдонуп текшерүү сабактарын өткөрүү

5. 8-орус класстарда сынак өткөрүп түзүлгөн. Мугалимдер Абдыкерова Жумабаева КС билим берүүгө окуучулардын деңгээли

Кыргыз класста (8а) Бекмырзаева М.М. сынакта жазуу нормаларын иштетип, тилдерин жакшыртуу иштерин жүргүзүүсү

**Чечими:**

1 Окуу программасына ылайык жазуу иштери аткарылсын
2 Окуу программасын аткаруусун
3 Коргоо сынакка масштабдуу иштери жүргүзүлсүн
4 Математикалык сабаттуулугун жогорулатуу үчүн бардык тармактар, бөлүмдөрдүн суроолору усулдук бирикме көзөмөлдөсүн